Жогоку кеңештин депутаты.docx

**Кыргыз Республикасы**
**Жалал-Абад облусу**
**Сузак району**
**Кыз-Көл айыл аймагынын**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**Индекс 30262588 Чымчык-Жар айылы**
**Т.Сатаров көчөсү 26**
**Эл.почта kyz-kol.gov.kg**

**Кыргызская Республика**
**Жалал-Абадская область**
**Сузакский район**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**Кыз-Кольского айылного аймака**

**Индекс 30262588 село Чымчык-Жар**
**Улица Т.Сатарова 26**
**Эл.почта kyz-kol.gov.kg**

# ТОКТОМ

**9-октябрь 2025-жыл** **Чымчык-Жар айылы**

**Кыз-Көл айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги VII сессиясынын № 1- токтому**

**2025-жылдын 8-августундагы №4- токтомуна**
**Өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө**

Кыз-Көл айыл аймагынын айылдык кеңешинин 2025-жылдын 8-августундагы VI сессиясынын №4-токтомуна толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча айыл өкмөтүнүн СЭӨБ башчысы Б.Байзакованын маалыматын угуп жана талкуулап Кыз-Көл айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги VII сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кыргыз Республикасынын сатып алуулар мыйзамына ылайык конкурстун жыйынтыгы менен үнөмдөлгөн 792,5 (жети жүз токсон эки миң беш жүз) миң сом өлчөмүндөгү акча каражаты 2025-жылга бекитилген чыгымдар эсебинен бөлүмдөр жана беренелер аралык №1- тиркемеге ылайык кыскартылсын.

2. Кыз-Көл айыл өкмөтүнун 2025-жылдын 6-февралындагы №3-сессиясынын №2-токтому менен 2025-жылга бекитилген чыгымдарында аткарууга талап кылынбаган 3714,1 миң сом өлчөмүндөгү акча каражаты №2- тиркемеге ылайык кыскартылсын.

3. Жогоруда кыскартылган 4506,6 миң сом өлчөмүндөгү акча каражаты эсебинен айыл өкмөтүнүн аймагында аткарууга талап кылынуучу социалдык маселелерди каржылоо №3 тиркемеге ылайык бекитилсин.

4. Акча каражатын максаттуу пайдалануу айыл өкмөтүнүн башчысы А.Жумаевге жана СЭӨБ башчысы Б.Байзаковага жүктөлсүн.

5. 2025-жылдын бюджетинде бекитилген чыгымдарга өзгөртүү киргизүү Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигинин Сузак башкармалыгынан суралсын.

6. Аталган токтом Кыз-Көл айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланып, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актларынын мамлекеттик реестрине жайгаштырылгандан кийин мыйзамдуу күчүнө киреt.

7. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнун башчысы А.Жумабаевге жана айылдык кеңешинин бюджет комитетине жүктөлсүн.

**Кыргыз Республикасы**
**Жалал-Абад облусу**
**Сузак району**
**Кыз-Көл айыл аймагынын**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**
**Индекс 30262588 Чымчык-Жар айылы**
**Т.Сатаров көчөсү 26**
**Эл.почта kyz-kol.gov.kg**

**Кыргызская Республика**
**Жалал-Абадская область**
**Сузакский район**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**Кыз-Кольского айылного аймака**
**Индекс 30262588 село Чымчык-Жар**
**Улица Т.Сатарова 26**
**Эл.почта kyz-kol.gov.kg**

---

**Төрага:** **К.Кушбаков**

# ТОКТОМ

**9-октябрь 2025-жыл** **Чымчык-Жар айылы**

**Кыз-Көл айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги VII сессиясынын № 2- токтому**

***Жергиликтүү жамааттардын өкүлчүлүктүү жыйынын өткөрүү жөнүндө***

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 22-сентябрындагы №270 Жарлыгынын негизинде 2025-жылдын 22-23-декабрында өтүүчү IV Элдик курултайгаделегаттарды шайлоо боюнча жергиликтүү жамааттардын өкүлчүлүктүү жыйынын өткөрүү боюнча Кыз-Көл айыл аймагынын айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кыз-Көл айыл аймагында жергиликтүү жамааттардын өкүлчүлүктүү жыйыны 2025-жылдын 1-ноябрында Чымчык-Жар айылындагы №89 П.Жуманазаров атындагы ЖББ орто мектебинин жыйындар залында саат 10-00дө өткөрүлсүн.

2. Айыл аймагынын айылдарынан өкүчүлүктүү жыйынга калктын санына жараша 100(жүз) адам деп бекитилсин.

3. Өкүлчүлүктүү жыйындар төмөндөгүдөй график боюнча айыл айылдарда өткөрүлсүн. (1-тиркеме тиркелет)
4. Жергиликтүү курултайды уюштуруу жана өткөрүү боюнча төмөндөгүдөй курамда жумушчу топ түзүлсүн. Жумушчу топтун төрагасы К.Кушбаков, катчысы К.Мурзакматов, мүчөлөрү Н.Абдурасулов, И.Тилекеев, Т.Исмаилов. (2-тиркеме тиркелет)
5. Аталган токтом Кыз-Көл айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланып, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актларынын мамлекеттик реестрине жайгаштырылгандан кийин мыйзамдуу күчүнө кирет.

6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

**Төрага:** **К.Кушбаков**

**Кыз-Көл айылдык кеңешинин**
**9-октябрындагы 2025-жылдын**
**кезектеги 7-сессиясынын 2-токтомунун**
**№2- тиркемеси**
**төрага________________К.Кушбаков**

**Жергиликтүү курултайды уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамы 5(беш) адамдан куралсын жана төмөндөгүдөй бекитилсин.**

1. Кушбаков Кылычбек Турдумаматович
2. Абдурасулов Нурбек Акжигитович
3. Мурзакматов Кубанычбек Сыргабаевич
4. Исмаилов Тагайбек Сооронбаевич
5. Тилекеев Ибраим Базарбаевич

**Атк: К.Музакматов**
**0555026802**

**Кыз-Көл айылдык кеңешинин**
**9-октябрындагы 2025-жылдын**
**кезектеги 7-сессиясынын 2-токтомунун**
**№1- тиркемеси**
**төрага_________________К.Кушбаков**

**Кыз-Көл айыл аймагында жергиликтүү коомдоштуктардын жыйындарын же курултайын өткөрүү күнүнүн графиги**

| **№** | **Айылдардын аталышы** | **Жыйын өткөрүлүүчү жай** | **Өткөзүлүүчү күнү, убактысы** | **Делегат тардын саны** | **Жумушчу топтун мүчөлөрү** |
|---|---|---|---|---|---|
| **1** | Чымчык-Жар айылы | П.Жуманазаров мектеби | 20.10.2025ж Саат 10-00 | 8 | а/к депут Т.Тойчиева<br>а/к депут Канатбек у Эрлан<br>а/ө кызмат А.Тилекеев<br>а/башчы М.Сооронбаев<br>ж/активист И.Тилекеев |
| **2** | Кыз-Көл айылы | Д.Шопоков мектеби | 20.10.2025ж Саат 12-00 | 5 | а/к депут М.Абдурасулов<br>а/к депут М.Аширалиев<br>а/ө кызматА.Тилекеев<br>а/башчы М.Сооронбаев<br>ж/активист И.Тилекеев |
| **3** | Ак-Тоок айылы | Ш.Абдыраманов мектеби | 20.10.2025ж Саат 14-00 | 16 | а/к депут Т.Салиев<br>а/к депут Н.Султаналиев<br>а/ө кызмат А,Тилекеев<br>а/башчы М.Сооронбаев<br>ж/активист И.Тилекеев |
| **4** | Каду айылы | Т.Кайыпов мектеби | 20.10.2015ж Саат 16-00 | 8 | а/к депут Э.Акматалиева<br>а/к депут М.Аширалиев<br>а/ө кызмат А.Тилекеев<br>а/башчы Г.Маматкулов<br>ж/активист И.Тилекеев |
| **5** | Карамарт айылы | К.Бакиев мектеби | 21.10.2025ж Саат 10-00 | 5 | а/к депут У.Разакулова<br>а/к депут А.Сарбагышова<br>а/ө кызмат А.Тилекеев<br>а/башчы Н.Айдаров<br>ж/активист И.Тилекеев |
| **6** | Карамарт 1 айылы | А.Жапарбаев мектеби | 21.10.2025ж Саат 14-00 | 14 | а/к депут Ы.Айдаров<br>а/к депут Б.Жапарбаев<br>а/ө кымат А.Тилекеев<br>а/башчы Н.Айдаров<br>ж/активист И.Тилекеев |
| **7** | Ак-Булак айылы | Б.Камбаров мектеби | 21.10.2025ж Саат 16-00 | 6 | а/к депут Б.Жапарбаев<br>а/к депут Ы.Айдаров<br>а/ө кызмат А.Тилекеев<br>а/башчы Н.Айдаров<br>ж/активист И.Тилекеев |
| **8** | Жаңы-Арык айылы | А.Мамбетаипов мектеп филиалы | 22.10.2025ж Саат 10-00 | 3 | а/к депут Н.Абдырасулов<br>а/к депут Ж.Молдошов<br>а/ө кызмат Т.Исмаилов<br>а/башчы М.Азимов<br>ж/активист И.Тилекеев |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **9** | Кашка-Терек айылы | А.Мамбетаипов мектеби | 22.10.2025ж Саат 12-00 | 6 | а/к депут Н.Абдырасулов<br>а/к депут К.Мамбетаипов<br>а/ө кызмат Т.Исмаилов<br>а/башчы М.Азимов<br>ж/активист И.Тилекеев |
| **10** | Кызыл-Кыя айылы Жаңы-Айыл участ | Келечек мектеби | 22.10.2025ж Саат 14-00 | 8 | а/к депут Н.Абдырасулов<br>а/к депут С.Муратова<br>а/ө кызмат Т.Исмаилов<br>а/башчы М.Азимов<br>ж/активист И.Тилекеев |
| **11** | Сары-Булак айылы | З.Саралаев метеби | 22.10.2025ж Саат 16-00 | 5 | а/к депут Н.Абдырасулов<br>а/к депутН.Мамырасулов<br>а/ө кызмат Т.Исмаилов<br>а/башчы М.Азимов<br>ж/активист И.Тилекеев |
| **12** | Орток айылы | Алыбаев мектеби | 23.10.2025ж Саат 10-00 | 2 | а/к депутК.Эгембердиева<br>а/к депут Т.Шүкүров<br>а/ө кызмат Т.Исмаилов<br>а/башчы Ж.Таштанов<br>ж/активист И.Тилекеев |
| **13** | Кара-Булак айылы | А.Молдоисаев мектеби | 23.10.2025ж Саат 14-00 | 10 | а/к депутК.Эгембердиева<br>а/к депут Ч.Насиркулова<br>а/ө кызмат Т.Исмаилов<br>а/башчы А.Алыкулов<br>ж/активист И.Тилекеев |
| **14** | Катыраңкы айылы | О.Абдыкамалов мектеби | 23.10.2025ж Саат 16-00 | 4 | а/к депутК.Эгембердиева<br>а/к депут М.Орозов<br>а/ө кызмат Т.Исмаилов<br>а/башчы Т.Көчөров<br>ж/активист И.Тилекеев |

**Атк: К.Музакматов**
**0555026802**

**Кыз-Көл айыл аймагынын айылдык кенешинин депутаттарынын кезектеги VII сессиясынын**

# ПРОТОКОЛУ

**09.10.2025-ж** **Чымчык-Жар айылы**

Кыз-Көл айылдык кенешинин кезектеги VII сессиясына айылдык Кенешинин 21 депутатынан 18 депутат катышып жатат. себептүүсү 3, себепсиз жок Урматтуу депутаттар! Бүгүнкү сессияда каралуучу маселе бар.

1. Элдик курултай жөнүндө

Сессиянын күн тартиби менен төрага тааныштырып, күн тартиби сунуш берүү менен бекитилди. Сессиянын жүрүшү боюнча регламентин бектип алуу боюнча сунуштарды угуп, чыгып сүйлөөчүгө 3-5 минутага чейин убакыт берилди.

Жергиликтүү коомдоштуктардын жыйындарын же курултайды өткөрүү боюнча жергиликтүү кеңеш тарабынан 2025-жылдын 9-октябрда сессияда уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топ курамы бекитилди.

Календардык планга ылайык тиешелүү айыл аймагынын жергиликтүү коомдоштуктун жыйынын же курултайдын чакыруу күнү белгиленди. Календардык план менен аныкталуучу мөөнөттөргө ылайык коомдук өз алдынча башкаруу боюнча жарандардын жыйындарын өткөрүүнүн графигин жана ага жооптуу жергиликтүү кеңештин депутаттарын, жумушчу топтун мүчөлөрү бекитилди. Жергиликтүү коомдоштуктун өкүлчүлүк чечимине ылайык жергиликтүү коомдоштуктун жыйынынын же курултайынын катышуучуларынын жалпы саны аныкталды. Жергиликтүү коомдоштуктун жыйынынын же курултайынын катышуучуларын аныктоо максатында айыл аймагынын жергиликтүү коомдоштуктун жыйындарына же курултайына катышуучулардын санынын квотасы бекитилди. Жергиликтүү жамааттардын өкүлчүлүктүү жыйынын өткөрүү үчүн жооптуу жооптуу депутаттар көрсөтүлдү.

1. Чымчык-Жар айылы- Т.Тойчуева

2. Кыз-Көл айылы – М.Абдурасулов
3. Ак-Тоок айылы – Т.Салиев
4. Каду айылы- Э.Акматалиева
5. Карамарт айылы – У.Разакулова
6. Карамарт 1 айылы – Ы.Айдаров
7. Ак-Булак айылы- Б.Жапарбаев
8. Жаңы-Арык айылы- Н.Абдурасулов
9. Кашка-Терек айылы – Н.Абдурасулов
10. Кызыл-Кыя айылы
жана Жаңы-Айыл участкасы- Н.Абдурасулов
11. Сары-Булак айылы- Н.Абдурасулов
12. Орток айылы – К.Эгембердиева
13. Кара-Булак айылы- К.Эгембердиева
14. Катыраңкы айылы- К.Эгембердиев

**Кыз-Көл айылдык кеңешинин төрагасы: К.Кушбаков**

**Кыз-Көл айылдык кеңешинин катчысы: К.Мурзакматов**

**Кыргыз Республикасы**
**Жалал-Абад облусу**
**Сузак району**
**Кыз-Көл айыл аймагынын**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**
**Индекс 30262588 Чымчык-Жар айылы**
**Т.Сатаров көчөсү 26**
**Эл.почта kyz-kol.gov.kg**

**Кыргызская Республика**
**Жалал-Абадская область**
**Сузакский район**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**Кыз-Кольского айылного аймака**
**Индекс 30262588 село Чымчык-Жар**
**Улица Т.Сатарова 26**
**Эл.почта kyz-kol.gov.kg**

# ТОКТОМ

**9-октябрь 2025-жыл** **Чымчык-Жар айылы**

**Кыз-Көл айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги VII сессиясынын № 3- токтому**

**Акча каражатын жылдыруу жөнүндө**

Кыз-Көл айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн СЭӨБ башчысы Б.Байзакованын кайрылуусун карап жана талкуулап Кыз-Көл айыл аймагынын айылдык кеңешинин VII сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кыз-Көл айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Жоошолуу жайлоосунда Сибирь жарасынын очокторун кашалоо жана дарылоо иштерине каралган акча каражатын башкаруу бөлүмүнүн 2215 беренесинде тургандыгына байланыштуу коммуналдык чарба бөлүмүнүн 3111 беренесине жылдырылып берилсин.

2. Турак жай бөлүмүнүн 3111 беренесинен каралган Кара-Булак айылындагы жаңы курулган жолдун жээгине латок алуу үчүн каралган акча каражатынын максаты Кара-Булак айылындагы ФАПтын айланасын тоосу үчүн акча каражаты жылдырылып берилсин.

3. Акча каражатын жылдырып берүү жагы айыл өкмөтүнүн СЭӨБ башчысы Б.Байзаковага жүктөлсүн

4. Аталган токтом Кыз-Көл айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланып, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актларынын мамлекеттик реестрине жайгаштырылгандан кийин мыйзамдуу күчүнө кирет.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнүн башчысы А.Жумабаевге милдеттендирилсин.

**Төрага:** **К.Кушбаков**

**Кыргыз Республикасы**
**Жалал-Абад облусу**
**Сузак району**
**Кыз-Көл айыл аймагынын**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**
**Индекс 30262588 Чымчык-Жар айылы**
**Т.Сатаров көчөсү 26**
**Эл.почта kyz-kol.gov.kg**

**Кыргызская Республика**
**Жалал-Абадская область**
**Сузакский район**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**Кыз-Кольского айылного аймака**
**Индекс 30262588 село Чымчык-Жар**
**Улица Т.Сатарова 26**
**Эл.почта kyz-kol.gov.kg**

**ТОКТОМ**

**9-октябрь 2025-жыл** **Чымчык-Жар айылы**

**Кыз-Көл айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги VII сессиясынын**
**№ 4- токтому**

**Жаңы-Айыл участкасына**
**“Айыл” статусун берүү жөнүндө**

Кыз-Көл айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Жаңы-Айыл участкасынын тургундарынын элдик жыйынынын протоколун карап, талкуулап Кыз-Көл айыл аймагынын айылдык кеңешинин VII сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кыз-Көл айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Кашка-Терек айылындагы Жаңы-Айыл участкасына Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык өзүнчө “Айыл” статусун берүү боюнча Сузак райондук мамлекеттик администрациясына сунушталсын.

2. Аталган токтом Кыз-Көл айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланып, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актларынын мамлекеттик реестрине жайгаштырылгандан кийин мыйзамдуу күчүнө кирет.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

**Төрага:** **К.Кушбаков**

**Кыргыз Республикасы**
**Жалал-Абад облусу**
**Сузак району**
**Кыз-Көл айыл аймагынын**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**
**Индекс 30262588 Чымчык-Жар айылы**
**Т.Сатаров көчөсү 26**
**Эл.почта kyz-kol.gov.kg**

**Кыргызская Республика**
**Жалал-Абадская область**
**Сузакский район**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**Кыз-Кольского айылного аймака**
**Индекс 30262588 село Чымчык-Жар**
**Улица Т.Сатарова 26**
**Эл.почта kyz-kol.gov.kg**

**ТОКТОМ**

**9-октябрь 2025-жыл** **Чымчык-Жар айылы**

**Кыз-Көл айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги VII сессиясынын № 5- токтому**

**Көк-Булак участкасына**
**“Айыл” статусун берүү жөнүндө**

Кыз-Көл айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн орун басар-жооптуу катчысы С.Абдурасуловдун сунушун угуп, талкуулап Кыз-Көл айыл аймагынын айылдык кеңешинин VII сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** Кыз-Көл айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Көк-Булак участкасына Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык өзүнчө “Айыл” статусун берүү боюнча Сузак райондук мамлекеттик администрациясына сунушталсын.

**2.** Аталган токтом Кыз-Көл айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланып, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актларынын мамлекеттик реестрине жайгаштырылгандан кийин мыйзамдуу күчүнө кирет.

**3.** Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

**Төрага:** **К.Кушбаков**

| | | |
|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы**<br>**Жалал-Абад облусу**<br>**Сузак району**<br>**Кыз-Көл айыл аймагынын**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**<br>**Индекс 30262588 Чымчык-Жар айылы**<br>**Т.Сатаров көчөсү 26**<br>**Эл.почта kyz-kol.gov.kg** | | **Кыргызская Республика**<br>**Жалал-Абадская область**<br>**Сузакский район**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**Кыз-Кольского айылного аймака**<br>**Индекс 30262588 село Чымчык-Жар**<br>**Улица Т.Сатарова 26**<br>**Эл.почта kyz-kol.gov.kg** |

# ТОКТОМ

**9-октябрь 2025-жыл** **Чымчык-Жар айылы**

**Кыз-Көл айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги VII сессиясынын № 6- токтому**

**Жерлерди бир категориядан башка категорияга которуу ( трансформациялоо) жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 21-беренесинин Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрациясынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 34-беренесинин негизде Кыз-Көл айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысынын 2025-жылдын 8-октябрындагы №383 сандуу катын карап жана талкуулап, Кыз-Көл айыл аймагынын айылдык кеңешинин VII сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кыз-Көл айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн Чымчык-Жар айылында жайгашкан №25 контурундагы 2,48га айыл чарбасынын башка жерин (голечник) №30 контурундагы 0,05га айыл чарбасынын башка жерин (голечник) №2 контурундагы айыл чарбасынын дарыя өзөндөр жалпы 2,87га күн нурунан электр энергиясын алуу максатында күн панелдерин орнотуу үчүн “Айыл чарба жерлери” категориясынын башка жер (голечник) дарыя өзөндөр түрүнөн “Айыл чарба жерлери” категориясынан өнөр жай, транспорт, байланыш, коргоо жана башка багыттагы жерлер категориясына которууга макулдук берүү жагы Сузак райондук мамлекеттик администрациясынан суралсын.
2. I пунктта көрсөтүлгөн жерлердин иш кагаздарын мыйзам чегинде даярдоону жана ишке ашырууну Кыз-Көл айыл өкмөтүнүн жер адиси А.Орозалиевге жүктөлсүн.
3. Аталган токтом Кыз-Көл айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланып, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актларынын мамлекеттик реестрине жайгаштырылгандан кийин мыйзамдуу күчүнө кирет.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнүн башчысы А.Жумабаевге милдеттендирилсин.

**Төрага:** **К.Кушбаков**

**Кыргыз Республикасы**
**Жалал-Абад облусу**
**Сузак району**
**Кыз-Көл айыл аймагынын**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**
**Индекс 30262588 Чымчык-Жар айылы**
**Т.Сатаров көчөсү 26**
**Эл.почта kyz-kol.gov.kg**

**Кыргызская Республика**
**Жалал-Абадская область**
**Сузакский район**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**Кыз-Кольского айылного аймака**
**Индекс 30262588 село Чымчык-Жар**
**Улица Т.Сатарова 26**
**Эл.почта kyz-kol.gov.kg**

---

# ТОКТОМ

**9-октябрь 2025-жыл** **Чымчык-Жар айылы**

**Кыз-Көл айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги VII сессиясынын**
**№ 7- токтому**

**Сыйлоо иретинде жер тилкесин бөлүп берүү жөнүндө**

Кыз-Көл айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Кызыл-Кыя айылынын тургуну Турдуев Кымбаттын жазган арызын, Кыз-Көл айыл аймагынын айылдык кеңешинин алдында түзүлгөн Агрардык саясат, өзгөчө кырдаалдар, экология, курулуш, архитектура жана коммуникациялар боюнча туруктуу комиссиясынын жана Социалдык коомдук жана эл аралык уюмдар менен байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын биргелешкен отурумунун 2025-жылдын 8-октябрындагы №1- протоколун карап, талкуулап Кыз-Көл айыл аймагынын айылдык кеңешинин VII сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кыз-Көл айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Кызыл-Кыя айылынын тургуну Турдуев Кымбатбек Акыпжановичке турак жай салуу үчүн сыйлоо иретинде калктуу конуштун ичинен 0,10га жер тилкеси мыйзам чегинде бөлүнүп берилсин. (тиркеме тиркелет)

2. Жер тилкесин тактап, бөлүп берүү жагы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн жер адиси А.Орозалиевге жүктөлсүн.

3. Аталган токтом Кыз-Көл айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланып, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актларынын мамлекеттик реестрине жайгаштырылгандан кийин мыйзамдуу күчүнө кирет.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнүн башчысы А.Жумабаевге милдеттендирилсин.

**Төрага:** **К.Кушбаков**